| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ЫСЫК-КӨЛ ОБЛУСУ<br>АК-СУУ РАЙОНУ<br><br>КЫДЫР АКЕ<br>АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН<br>ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШИ | | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ИССЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>АК-СУЙСКИЙ РАЙОН<br><br>МЕСТНЫЙ КЕНЕШ<br>АЙЫЛНОГО АЙМАКА<br>КЫДЫР АКЕ |
|---|---|---|

**II чакырылышынын кезектеги 14-сессия**

**ТОКТОМ**

05.06.2026. **№** 43 **Ак-Суу айылы**

**Кыдыр Аке айыл аймагындагы элеттик аялдардын укуктарын коргоо, коомдогу ролун жогорулатуу, менталдык ден соолугуна кам көрүү жана "Элеттик айымдар күнүн" белгилөө жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2021-жылдын 29-январындагы №1 «Инсандын руханий-адеп-ахлактык өнүгүүсү жана дене тарбиясы жөнүндө» Жарлыгына, ошондой эле аялдардын коомдогу ролун жогорулатуу, алардын эмгегин баалоо жана үй-бүлөлүк баалуулуктарды чыңдоо максатында, Кыргыз Республикасынын «Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө» Мыйзамынын 34 жана 39-беренесине ылайык Кыдыр Аке жергиликтүү кеңеши **токтом кылат:**

1. Кыдыр Аке айыл аймагында элеттик аялдардын укуктарын коргоо, коомдогу ролун жогорулатуу жана менталдык ден соолугуна кам көрүү боюнча Жобо тиркемеге ылайык бекитилсин.
2. Кыдыр Аке айыл аймагында 18-июнь — «Элеттик айымдар күнү» деп белгиленсин.
3. Аялдардын коомдогу ролун даңазалоо жана укуктук сабаттуулугун арттыруу максатында айыл өкмөтү төмөнкү иш-чараларды камсыз кылсын:

- Аялдардын укуктарын коргоо жана зордук-зомбулуктун алдын алуу боюнча маалыматтык кампанияларды жана уюштуруу комитети тарабынан кеңеш берүүлөрдү уюштуруу;
- Айылдагы үлгүлүү, эмгекчил жана коомдук иштерде активдүү айымдарды аныктап, сыйлоо аземин өткөрүү;
- Аялдардын менталдык ден соолугун чыңдоо багытында психологиялык тренингдерди жана маданий программаларды даярдасын жана бекитсин.

4. Иш-чараларды уюштуруу жана өткөрүү үчүн атайын уюштуруу комитети түзүлсүн.
5. Каржылоо маселеси жергиликтүү бюджеттин мүмкүнчүлүгүнө жараша жана демөөрчүлөрдүн эсебинен чечилсин.
6. Бул токтом айыл өкмөтүнүн сайтына жайгаштырылып, мамлекеттик каттоодон өткөрүү үчүн юстиция органына жиберилсин.
7. Бул токтомду аткарылын айыл өкмөтүнүн башчысы Т.Ш.Кобонбаевге жүктөлсүн, көзөмөлдөө жагы социалдык маселелер (маданият, билим берүү, саламаттык сактоо, туризм, спорт, жаштар жана гендердик саясат) боюнча туруктуу комиссиясынын төрагасы Т.М.Усубакуновго жүктөлсүн.

**Төрага** **Б.С.Акунов**